3. Феклистова, С. Н. Методика формирования текстовой компетентности у учащихся с нарущением слуха : учебно-методическое пособие / С. Н. Феклистова, О. П. Коляда. – Минск : БГПУ, 2019. – 80 с.

УДК 37.026.3
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-103-108

**Раимбекова М., Акматалиева Н., Бейзеева Ж.**
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин профессордун м.а.,
И. Арабаев атындагы КМУ педагогика факультетинин магистранттары
**Раимбекова М., Акматалиева Н., Бейзеева Ж.**
и.о.профессора факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева,
магистранты факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Raimbekova M., Akmatalieva N., Beiseeva Zh.**
Acting Professor, Faculty of Education KSU named after I. Arabaev,
undergraduates of the faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА КОЛДОНУЛУУЧУ ОЮНДАР

# ИГРЫ ПРИМЕНЯЕМЫЕ НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

# GAMES APPLICABLE IN KYRGYZ LANGUAGE LESSONS IN ELEMENTARY SCHOOL

**Аннотация:** Бул макалада оюндун балдардын жашоосундагы орду, алардын калыптанышына оюндун тийгизген таасири жөнүндө сөз кылынат. Оюндун аныктамасы, белгилүү окумуштуулардын ал жөнүндө айткандарынан мисалдар келтирилет. Ошондой эле башталгыч класстардын кыргыз тили сабактарында колдонулуучу оюндар, аларды колдонуунун жолдору айтылат. Дидактикалык оюндарды сабакта пайдаланууга карата сунуштар айтылат жана сабакта колдонулуучу оюндун бир нече түрү берилет, аны өткөрүүнүн жолдору боюнча кеңири сөз кылынат.

**Аннотация:** В данной статье говорится о роли игры в детской жизни, влияние на формирование их личности. Приводятся примеры известных ученых о определении игры. Идет речь о играх, используемых на занятиях по кыргызскому языку в начальной школе. Рассматриваются рекомендации по использованию дидактических игр на занятиях, также предлагается несколько вариантов игры и правила их проведения.

**Annotation**: This article talks about the role of the game in children's life, the impact on the formation of their personality. Examples of famous scientists about the definition of the game are given. We are talking about the games used in the classes in the Kyrgyz language in elementary school. Recommendations on the use of didactic games in the classroom are considered, several game options and rules for their implementation are also offered.

**Негизги сөздөр:** дидактика, тажрыйба, сезим, оюн, ишмердик, дени сак, эмоционалдык, психоаналитиктер, кыймылдуу, методика , тилдик, видео, аракеттенүү, жеңилбөө.

**Ключевые слова:** дидактика, опыт, чувство, игра, деятельность, здоровый дух, эмоциональность, психоаналитики, игровые, методика, языковые, видео, старания, победа.

**Key words:** didactics, experience, feeling, game, activity, healthy mind, emotionality, psychoanalysts, game, methods, language, video, efforts, victory.

Оюн – балдардын жашоосундагы эң маанилүү ишмердик жана баланын денинин сактыгынын негизги бир белгиси. Оюндан балдар турмуштун ар түрдүү жактарын аңдап билишет, эмоционалдык маанилүү тажрыйбаны алышат. Анын негизги функциясы ойго

келбегенди реалдуу турмушка ашыруу болуп саналат. Бул балдарга өз алдынча изилдөө менен алектенип, кыйынчылыктарды жеңүү аркылуу жасалат. Оюн – бул өзүн түшүндүрүүнүн атайын,белгиүү бир тили.

Психоаналитиктер балдар өздөрүнүн терс эмоцияларынын кесепетинен оюнда жеңилип калса, аларда өзүн-өзү тазалоо,жеңилбөөнүн жолдорун изденүү кырдаалдары жүрөрүн да белгилеп келишет. Балдар өздөрүнө эмнелер таасир бергендигин, эмнелерди башынан өткөргөндүгүн, эмнелерди сезип жаткандыгын көбүнчө айта алышпайт, алар муну оюндун жардамы аркылуу чагылдырып, өзүнөн чоң улууларга өздөрүнүн ой жүгүртүүлөрүн көрсөтүп, ал аркылуу жардам алууга көмөктөшүүлөрүн да билдиришет.

Орус элинин белгилүү психологу А.П.Добряков бүт дүйнөнү таң калтырып чочуткан Беслан окуясынан кийин психологиялык жактан жабыр тарткан балдарды реабилитациялоо мезгилинен баштап, азыркы күнгө чейин кээ бир балдардын тарткан сүрөттөрүндө кара түс көп пайдалангандыгын, өрттөлгөн имараттарды, куралчан адамдарды тартып жаткандыгын айтып, «Чоңойгондо ким болосуң?» деген суроого «Жакшы террорист боломун» дегендерин айтат .

Учурда оюндун түрлөрү көбөйдү. Алар: компьютердеги видео оюндардын пайда болуусу,интернеттеги ар түрдүү кызыктыруучу нерселер. Бул учурдун талабына ылайык, заманбап балдардын активдүүлүгүн кайра куруу зарылдыгынан да болуп жатат. Бирок балдардын ойноосу керек жана зарыл. Балдардын өз ара аракеттенүүнү үйрөнүүсүнө, келечекке карата багыт алуусуна , адамдар менен мамиле түзө билүүсүнө көпүрө болуучу нерсе оюн, оюн аркылуу гана алар адаптацияланган, коммуникабелдүү, өз ара аракеттенишкен, бири-бирине жардамдашкан чоңдорго айланышат.

Башталгыч класстын окуучуларына көп предметтүү сабактарды окутуу менен аларды оюнду азайткыла же үйдөн ойногула деп айтууга, аларды оюндан ажыратып коюуга акыбыз жок. Оюн – бул балдар үчүн эмоционалдуу тамак, азык, күч, коркунуч менен ийгиликсиздиктен чыгуунун жолу. Биз, мугалимдер, балдардын эмоционалдык багажын байытып, андан ары билимдердин түрлөрүн талыкпастан өздөштүрүүгө күч, кубат берүүбүз керек. Биз аларды окутуп гана тим болбостон, оюн аркылуу окуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүбүздү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алганыбыз туура болот.

Д.Ушинский адамдын чыгармачылыгынын чеги жок мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө аракеттенген. Ал оюнду окуудан ажыратып, мектеп окуучусунун сөзсүз милдети катары эсептеген. Ал элдик тарбиялоонун идеясын негиздеп, балдарды тарбиялоодо балдар оюндарынын мазмунунун таасирин эске алып, элдик оюндарды тарбиялоо ишинде кеңири колдонууну сунуштаган. Ал: "Келечектин педагогикасынын милдети – элдик оюндардын абдан бай булактарына көңүл буруп, аларды колдонуп, абдан күчтүү тарбиялык каражатты түзүү,"-деп жазган . Оюн- мектеп жашындагы башталгыч класстын балдары үчүн артыкча мааниге ээ: оюн – алар үчүн окуу, оюн – алар үчүн эмгек, оюн – алар үчүн тарбиялоонун орчундуу формасы. Оюндар кабыл алууну, көңүл бурууну, эс-тутумду, ой жүгүртүүнү, чыгармачылык жөндөмдү өстүрүүгө көмөктөшүп, акылды өстүрүүгө багытталган. Оюнда бала чоңдорго эчак белгилүү болгонду кайрадан ачат. Мектеп окуучуларынын оюнга болгон кызыгуусун, муктаждыктарын билим берүүчү кээ бир мекемелерде чечүү максатында колдонуу зарыл. Педагогикалык процесске оюн кошулса, ал билим берүүнүн каражатына айланат. Оюнду башкаруу менен, балдардын турмушун оюнда уюштуруу менен педагог балдардын инсандык өнүгүүсүнүн бардык тараптарына, анын өзүн алып жүрүүсүнө таасир берет.

Мугалимден оюн методикасын даярдоо жана аны окуу процессине киргизүү чоң күчтү, талыкпас аракетти талап кылат. Дидактикалык оюндарды даярдоо мезгилинде мугалим педагог катары өзүнүн инсандык сапаттарына байланышпаган, сырткы чектөөлөргө туш болот. Бул – дидактикалык оюндардын материалдарынын жетишсиздиги, балдар менен оюн өткөрүүдө сабактагы убакыттын чектелгендиги. Мугалимдердин арасында көбүнчө: «Эгер сабак учурунда балдарды ойнотсок, биз эрежелерди качан үйрөтөбүз?» – деген суроо көбүнчө орун алат. Бирок бул көбүнчө оюнду окутуу каражаты катары маанисин

түшүнбөгөндүктөн, дидактикалык оюндарды окуучулардын аң-сезимин стимулдаштыруу үчүн эмес, оюнга карата мамилени ашыкча метод катары көргөндүктөн болот.Оюн ишмердүүлүгү адам активдүүлүгүндөгү өзү жумшаган физикалык жана духовный күчтөн ырахат гана алган сфера болуп саналат. Жаратылыш балдар оюндарын турмушка даярдануудагы ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жараткандай. Ошондуктан алар адам ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү менен генетикалык байланышта болуп, эмгектеги, пикир алышуудагы, искусстводогу жана спорттогу балдардын таанып-билүү формасы да болот.Ушундан таанып-билүүчүлүк, интеллектуалдык, курулуш, эмгек, пикир алышуу, музыкалык, көркөм, драмалык, кыймылдуу, спорттук ж.б.у.с. оюндардын түрлөрү келип чыгат.

Оюндардын эки негизги тибин ажыратууга болот: 1) ачык эрежелер боюнча жүрүүчү оюндар; 2) жабык эрежелер боюнча жүрүүчү оюндар. Биринчи типке дидактикалык оюндардын көпчүлүгү, таанып-билүүчү жана кыймылдуу, интеллектуалдык, музыкалык, көңүл ачуучу, аттракциондук оюндар кирет. Ал эми экинчи типке сюжеттик-ролдук оюндарды кошууга болот.

Дидактикалык оюндар үйрөтүү мазмуну, балдардын таанып-билүү өзгөчөлүгү, уюштуруу жана балдарга жасалган мамиле жана мугалимдин ролу боюнча да айырмаланышып турушат. Аталган өзгөчөлүктөр оюндардын баарына мүнөздүү, бирок кээде бири даана байкалса, башка учурда башкаларынын өзгөчөлүктөрү байкалат.

Ар түрдүү илимий эмгектерде, методикалык колдонмолордо оюндардын көптөгөн түрлөрү берилгени менен аларды так классификациялаган эмгек жок. Кээ бир колдонмолорды тил сабактарында ойнолуучу оюндар боюнча төмөндөгү ишмердүүлүктөрдү сунуштайт жана дидактикалык оюндарды шарттуу түрдө төмөндөгүчө бөлүштүрөт: окуу, комбинатордук, аналитикалык, ассоциативдик, контексттик, тилдик жана чыгармачыл тапшырмалар .

Оюндар көбүнчө окутуунун жана тарбиялоонун мазмуну менен байланышта каралат. Төмөнкү классификациядан оюндардын кезектеги түрлөрүн көрсөтсө болот:

- ♦ сенсордук тарбиялоого байланышкан оюндар,
- ♦ сөздүк оюндар,
- ♦ жаратылыш менен байланышкан оюндар,
- ♦ тилдик жана коммуникациялык көндүмдөрдү арттыруучу оюндар.

Кээде оюндардын түрлөрү анда колдонулуучу материалдарга байланыштуу болот:

- ♦ дидактикалык оюнчуктарга байланышкан,
- ♦ басмадан чыгарылган материалдарга байланышкан,
- ♦ сөздүк оюндар,
- ♦ псевдосюжеттик оюндар.

Оюндарды мындай топторго бөлүү алардын билим алууга, балдардын таанып-билүү ишмердигине багытталгандыгында.

Окуучулардын топтошуп иштөө ишмердигине карап дидактикалык оюндарды шарттуу түрдө төмөнкүчө типтерге бөлүүгө да болот:

- ♦ саякат – оюн,
- ♦ тапшырма – оюн,
- ♦ болжол – оюн,
- ♦ табышмак – оюн,
- ♦ талкуу – оюн (диалог – оюн).

Башталгыч класстардын эне тили сабактарында колдонулуучу дидактикалык оюндарды биздин пикирибизче шарттуу түрдө төмөнкүдөй типтерге бөлүү максатка ылайыктуудай:

1. окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүн өстүрүүчү дидактикалык оюндар;
2. окуучулардын коммуникативдүүлүк компетенттүүлүгүн өстүрүүчү дидактикалык оюндар.

Бул пикирге келүүбүздүн негизги себептеринин бири башталгыч класстардын «Эне тили» боюнча программасында 4-классты бүтүрүүчү окуучулардын даярдыгынын деңгээлине коюлуучу минималдуу талаптарда окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүнө тиешелүү төмөнкүчө талаптар коюлган:

- китеп менен өз алдынча иштей билүүгө, алардын суроо-тапшырмаларын толук аткара алууга жетишүү;
- көнүгүүлөр, салыштыруулар, таяныч белгилер, схемалар аркылуу жыйынтык, эреже чыгара билүү ыктарына ээ болуу;
- эрежелерди түшүнүп үйрөнүү, ага карата машыгуу иштерин өз алдынча жүргүзө алууга жетишүү;
- тил, кеп, тексттин өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү;
- текст менен сүйлөмдөрдүн айырмасын билип колдонуу;
- текст менен иштөөдө кыргыз тилинин жазуу эрежелерин туура колдоно алууга жетишүү ;
- тыбыш менен тамгалардын байланыштарын, айырмачылыктарын, бөлүнүштөрүн жана алардын алфавиттеги ордун билүү менен сөздөргө тыбыштык – тамгалык талдоо жүргүзүүнү билүү;
- сөз менен сөз айкашы, сөз айкашы менен сүйлөмдү ажырата алуу;
- сүйлөмдөрдүн айтылышына карай жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр болуп бөлүнүшүн айырмалап, талдоо жүргүзө алуу;
- сүйлүм мүчөлөрүн (ээ, баяндооч, айкындооч) жана сүйлөмдөрдүн түзүлүштөрүн (жөнөкөй, татаал) аныктай билүү, ага карата талдоолорду жүргүзүүнү өздөштүрүү;
- муун менен ташымалдын байланышын, айырмачылыктарын билип, жазуу иштеринде туура колдонуу;
- сөз түркүмдөрү боюнча талдоону өздөштүрүп, алардын өз ара байланыштарын, бөтөнчөлүктөрүн билүү;
- өзүн-өзү текшерүү көндүмдөрүнө ээ болуу;
- кээ бир сөздөрдүн айтылышы менен жазылышындагы айырмачылыктарды, орус тилинен кирген айрым сөздөрдү жазуу иштеринде туура колдонуу;
- көчүрүп жазуу иштерин катасыз, таза жазуунун эрежелерин сактап аткарууга жана 70-80 сөздөн турган тексттерди угуп жазууга үйрөнүү;
- иш кагаздарын жазуунун үлгүлөрүн (чакыруу, билдирүү, кат, куттуктоо) билүү.

Ал эми окуучулардын коммуникативдүү компетенттүүлүгүнө тиешелүү төмөнкүчө талаптар коюлган:

- чакан текст түзүүнү билүү, ага ат коюу. Анын башталышын, негизги жана аяктоо бөлүктөрүн ажырата алуу;
- текстке план түзүүнү жана аны бир сүйлөм менен түшүндүрүүнү үйрөнүү;
- тексттин башталыш маанисине карай улантып, кеңейтип жазууну, толук маанидеги текстти кыскартып, өзгөртүп жазууну өздөштүрүү;
- түшүнүүгө жеңил макал-лакаптардын мазмунун түшүндүрүү менен кеңейтип, чакан текст жазууну үйрөнүү;
- өзүн-өзү текшерүү көндүмдөрүнө ээ болуу.

Окуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогоркудай ажыратуу шарттуу түрдө болот. Анткени көрсөтүлгөн жөндөмдүүлүктөр сөзсүз түрдө тилдик же коммуникативдик компетенттүүлүккө кирет деп айтуунун өзү билим берүү процессиндеги, болгондо да айрып кароого мүмкүн болбогон тил жана адабияттын интеграциялык бекемдигин ажыратууга тете.

Оюндун түрлөрүн типтештирүү, аларды классификациялоо мурунку убактан бери эле жүрүп келе жатат жана оюндун төмөнкүдөй түрлөрүн белгилөөгө болот:

- Предметтик оюндар;
- Ролдук оюндар;

- Символдук оюндар;
- Сюжеттик оюндар;
- Компьютердик дидактикалык жана өнүктүрүүчү оюндар.

Заттык балдар оюндарында окуучулар курчап турган предметтерди колдонушуп ойношот жана алардын эмне экендигин билишет. Ролдук оюндарда окуучулар атайын ойлонулган же сюжеттик шарттарда түрдүү социалдык ролдорго (ата, апа, тарбиячы, врач, бала, окучу ж.б.) киришип ойношот. Символдук оюндарда турмуш чындыгы белгилер, символдор аркылуу кабылданат да, кыймыл абстракттуу, символдуу формада ишке ашырылат. Сюжеттүү оюндарда балдар чыныгы турмуштун сюжетин аңгемелер, жомоктор жана башкалардан кабыл алышат.

Белгилүү педагог С.Рысбаев дидактикалык оюндардын, тибин аныктоодо: “Оюндар өз алдына айкын максатты жана бир нече милдеттердин комплексин чечүүнү коют. Атап айтканда, оюн жүргүзүү менен балдардын кыргызча кебин калыптандыруу жана сабактын практикалык баалуулугун өстүрүү максатын койсо, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык сабаттуулугун арттыруу сыяктуу милдеттер аны коштоп жүрмөкчү. Ошондуктан дидактикалык оюндар максатына жана милдеттерине жараша бир нече типке бөлүнөт.

Мисалы:

1. тил жатыктыруучу маданиятына;
2. лексикалык байлыгын өстүрүүчү;
3. кебин (монологдук, диалогдук) өстүрүүчү кыймылдуу оюндар;
4. грамматикалык көндүмдөрүн калыптандыруучу.

Булардын ар бири өз алдына коюлган милдеттерди чечүүгө карата түрлөрү, дидактикалык максат-милдеттери, пайдаланылуучу жабдуулары жана жүргүзүү жолдору сыяктуу мүнөздүү белгилерге ээ”, – деген пикирин билдирет.

Тилдик оюндар абдан көп. Аларды стратегиялык, дидактикалык жана функционалдык кызматына карай түрдүүчө классификациялоо мүмкүн. Стратегиялык кызматы оюндарды тапкыч, ылайыктуусун издөөчү, жаратуучу, ролдук оюндар, кырдаалдарды моделдештирүү жана табышмактар деп бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Дидактикалык көз караш боюнча караганда оюндар сөздүк жана грамматикалык, окуу, жазуу, маектешүү, аудирование менен байланыштуулугу боюнча классификацияланышы мүмкүн, ошондой эле паралингвистикалык жана вербелдык эмес оюндар болуп бөлүнүшү да ыктымал. Функционалдык кызматына карай оюндар көнүгүүлөр, музжаргычтар, баш катырмалар, мелдештер жана билимдерди бекемдөөчү оюндар болуп бөлүнө.Өз кезегинде бул категориялар көп түрдүү ишмердүүлүктөрдү өз ичине камтыйт. Мисалы, азил жана сөз оюндарына негизделген табышмак – «тапкыч» оюндары жана тапшырмалардын арасында адамдарды жана предметтерди сүрөттөө болжолдонгон. Ылайыкташтырылган оюндардын кайсынысы болбосун тилдик көндүмдөрдү өстүрүүгө мүмкүндүк берип, формасы жагынан болсо, оюн талаасындагы оюн, таратмалар менен ойнолуучу оюндар, лото, ыр, чайнворд ,метаграмма, анаграмма, лабиринт, ребус, кроссворд, баш катырма шарадаларды кепти өстүрүүгө жана сөздүк корду байытууга ыңгайлуулукту түзгөн сабак берүүдө колдонулуучу каражаттардын катарына кошууга болот. Мындан сырткары, аларды чечмелөө, табуу процесинде топтордо иштөө үчүн идеалдуу кырдаал түзүлөт жана топтун ар бир мүчөсү коллективдүү натыйж ага жетүү үчүн өзүнүн инсандык жоопкерчилигин баамдайт.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Башталгыч класстардын программалары.- Бишкек,2018.

2.Байгазиев С. Окутуунун интерактивдүү методдору. –Бишкек. 2004.

3.Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теория жана практикалык маселелери. – Бишкек, Педагогика: 2003 .

4. Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. –Бишкек : 2004.

УДК 37.026.3
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-108-112

**Раимбекова М., Акматалиева Н., Бейзеева Ж.**
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин профессордун м.а.,
И. Арабаев атындагы КМУ педагогика факультетинин магистранттары
**Раимбекова М., Акматалиева Н., Бейзеева Ж.**
и.о.профессора факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева,
магистранты факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Raimbekova M., Akmatalieva N., Beiseeva Zh.**
Acting Professor, Faculty of Education KSU named after I. Arabaev,
undergraduates of the faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРДИН НЕГИЗИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

## PEDAGOGICAL PRINCIPLES OF TEACHING KYRGYZ LANGUAGE IN ELEMENTARY SCHOOL

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы дидактикалык принциптер, окутуунун методдору жөнүндөгү маселелер каралат. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасына тиешелүү болгон принциптер талдоого алынат.Кээ бир окутуунун принциптеринин артыкчылыктары белгиленип көрсөтүлөт.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются следующие задачи: дидактические принципы и методы обучения кыргызскому языку в начальных классах. Проводится анализ принципов, связанных с методикой обучения кыргызского языка в начальной школе. Также, идет речь о преимуществах некоторых принципов обучения.

**Annotation:** The following tasks are considered in this article: didactic principles and methods of teaching the кyrgyz language in elementary grades. An analysis of the principles associated with the methodology of teaching the кyrgyz language in elementary school is carried out. Also, we are talking about the benefits of some of the principles of training.

**Негизги сөздөр**: башталгыч класс,педагогика,текст, кыргыз тили, окутуу, тарбиялоо, дидактикалык принцип, ишмердүүлүк, метод, теория, практика, морфология, синтаксис,орфография.

**Ключевые слова:** начальные классы, педагогика, текст, кыргызский язык, обучение, воспитание, дидактический принцип, деятельность, метод, теория, практика, морфология, синтаксис,орфография.

**Key words**: primary classes, pedagogy, text, кyrgyz language, training, education, didactic principle, activity, method, theory, practice, morphology, syntax, spelling.

Дидактикалык принциптер – башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы негизги жоболордон болуп эсептелет. Ошондой эле ар бир предметтин өзүнө мүнөздүү болгон жеке принциптери да бар, буга байланыштуу башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун өзүнө тиешелүү болгон дидактикалык принциптери да кездешет, бирок практикада бул экөө өз ара байланыштуу каралат да, бири экинчисинен ажыратылбайт.

Окутуунун принциптери – мугалим ишмердүүлүгүн аныктоочу жана окуучулардын таанып – билүү ишмердүүлүк мүнөзүнүн баштапкы жобосу болуп эсептелет. Окутуу ишинини дидактикалык жалпы принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет: окутуунун